**УДК: 342.731(575.2)**

**АЛИМОВА К.Т.**
*И.Раззаков атындагы КМТУ, Бишкек*
***Alimova K.T.***
*I.Razzakova KSTU, Bishkek*
*alimova.kt@mail.ru*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ДИН САЯСАТЫ
## Государственная религиозная политика Кыргызской Республики
## State religious politics of Kyrgyz Republic

***Аннотация:****макалада Кыргыз Республикасындагы мамлекеттин динге болгон саясаты, дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар боюнча укуктук-нормативдик жоболор каралды. КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын милдеттери ачып берилди.*

***Аннотация:****в статье рассмотрена религиозная политика в КР, правовые и нормативные акты по свободному вероисповеданию и религиозным организациям. Раскрыты обязанности Госкомиссии по делам религий при Правительстве КР.*

***Annotation:*** *in the article it was considered religious politics in Kyrgyz Republic and legal-normative acts on free religion and religious organizations. Duties were exposed State commissions in matters of religions at Government of Kyrgyz Republic.*

***Негизги сөздөр:****дин; ислам; муфтият; казыят; христиан; дин тутуу эркиндиги; конфессия; прозелитизм.*

***Ключевые слова:*** *религия; ислам; муфтият, казыят, свабода вероисповедания; конфессия; прозелитизм.*

***Keywords:*** *religion; islam; muftiat,;kazyiat; free religion; confession,;prozelitizm.*

Кыргыз мамлекети диний маселелерди дайыма көңүлдүн борборунда алып турат. Кыргыз өкмөтүнүн негизги максаты өлкөдө жашаган көп улуттардын арасында диний коопсуздукту сактоо жана аны камсыз кылуу болуп саналат. Эл аралык документтердин укуктук нормаларына таянып, Кыргыз өкмөтү кол койгон келишимдердин негизинде, 1991-ж. 16-декабрда “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар” тууралуу КР мыйзамы кабыл алынган [2]. Бирок бул мыйзам, совет учурунда кабыл алынган мыйзамдардын негизинде жазылып, өтө эркин мүнөздө берилген. “Дин тутуу жана диний уюмдар” мыйзамы мамлекет менен диндин ортосундагы өз ара мамилени жаңы, жогорку, укуктук негизде жүргүзө тургандыгын жарыялаган.

Мамлекетте диндерге ырааттуу көзөмөл, дин саясаты иш жүзүндө мамлекеттин милдети болгондуктан аны андан ары өркүндөтүүчү атайын органдардын түзүлүшү, Эл аралык жана чөлкөмдүк кырдаалдан келип чыкты. 1996-жылы 14-ноябрда Кыргыз Республикасынын Президентинин указынын негизинде Кыргызстанда жарандардын дин тутуу эркиндигинин иш жүзүнө ашырылышы, Кыргыз Республикасында диний каттоонун убактылуу жобосу, чет элдик диний миссиялардын жана уюмдардын, жарандардын катталуусунун убактылуу жоболору диний окутуу боюнча убактылуу жоболор бекитилди.

Жаңы конституция дин маселесине мурда болуп көрбөгөндөй ырааттуу мамиле жасай баштады. Кыргыз Республикасынын Конституциясында “Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – укуктук, светтик мамлекет”- деп, жазылып, Конституциялык деңгээлде диний саясий партиялардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынат жана дин мамлекеттен ажыратылат [1],- деп баса белгиленген.

Эгемендүү Кыргызстанда адам укугу мамлекеттик ички саясаттын өзөгүн түзүп, дин маселесинин чечилиши демократиялык негизде болуп, ар бир адам каалаган динин тутуп, өзүнө жаккан ырым жырымдарды жасоого мүмкүнчүлүк алды.

Кыргызстандын тарыхында биринчи ирет дин тутуу эркиндиги жарыяланып, диний коопсуздук мыйзамдын негизинде жөнгө салынды. Динден тышкары демократиялуу мамлекет болуп, жарыялангандан кийин, диний уюмдар мамлекеттен толук ажыратылган. Диний уюмдардын түрлөрүнө төмөнкүлөр киргизилген: 1.Ислам, христиан ж.б. диний коомдор, борборлор, башкаруулар, диний окуу жайлар; 2.Диний уюмдар өздөрүнүн борборлорун, башкармалыктарын түзүшөт. Бул уюмдар өздөрү кабыл алган жоболордун негизинде кызматкерлерин дайындоо, алмаштыруу, которуштуруу иштерин жүргүзө алышат; 3.Диний уюмдар дин кызматчыларын туруктуу негизде даярдаш үчүн тийиштүү окуу жайларын түзө алышат [2].

КР Өкмөтү диний конфессиялар жана диний уюмдарда иштеген адамдардын укугун Эмгек Кодексинин беренелеринде коргоого алган. Ал уюмдарда иштеген адамдар профсоюздун мүчөлөрү болууга укук алышкан. Диний уюмдарга эмгек келишимдери менен иштеген адамдарга эмгек тууралуу, социалдык камсыздоо мыйзамдары да таркатыла баштады [9].

Дин эркиндиги мыйзамынын негизинде КР тарабынан эч бир динди мамлекеттик деп, жарыяланбагандыгы өлкөдөгү жашап жаткан бардык улуттардын укуктарын сактоо дегенди билдирген. Экинчи жагынан, конфессиялардын жана диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө мамлекет кийлигишпейт, бирок, эгерде алар мыйзам чегинен чыгып баратса алардын ишмердүүлүгүнө тыюу салат. Мамлекеттик органдар бир дагы диний конфессияга, же диний уюмдарга колдоо көрсөтпөйт жана каржылабайт. КР 1991-жылдын 16-декабрында кабыл алынган “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар” жөнүндөгү мыйзамы төмөнкү эл аралык документтерге, конвенцияларга, декларацияларга негизделген:

1.Адам укуктарынын жалпы Декларациясы (БУУ), Генеральный Ассамблеясынын №217 резолюциясы 1948-жылы 10-декабрында кабыл алынган[9];

2.Саясий жана жарандык укуктардын Эл аралык Пактысы (келишими). БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 1966-жылдын 16-декабрындагы резолюциясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынып, 1976-жылдын 23-мартында күчүнө кирген [9];

3. Диндин же ишенимдин негизинде запкы көрсөтүүнүн жана чыдамсыздыкты түзүүнүн бардык формаларын жоюунун Декларациясы. (БУУнун Генеральный Ассамблеясынын 1981-жылдын 25-нобрындагы жарыяланган 36/55 резолюциясы[12];

4.Адамдын негизги эркиндиктеринин жана укуктарын коргоонун Европалык Конвенциясы (Эл аралык келишими). 1950-жылы ноябрь айында кабыл алынып, 1953-жылдын сентябрында күчүнө кирген.

5.Улуттук, этникалык, диний жана тил жагынан аздык кылган инсандардын укуктарынын Декларациясы (БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 1992-жылдын 18-ноябрындагы 47/135 резолюциясы боюнча кабыл алынган) [12];

6.Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюмдун (ОБСЕ) дин тутуу жана пикир айтуу эркиндигинин айланасындагы резолюциялар [12];

7.Жаңы Европа үчүн Париж хартиясы (коомдук-саясий мааниси бар документ), (1990-жылы 21-ноябрда ОБСЕ нин катышуучу мамлекеттеринин өкүлдөрү тарабынан кол коюлган) [12];

8. Көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештигинин (КМШ) катышуучу-мамлекеттеринин башчыларынын ой пикирин айтуу жана дин тутуу эркиндиги боюнча маселелеринин документтер топтому (1993-жылдын 24-сентябрында Азербайжан, Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Молдова, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан, Украинанын өкүлдөрү тарабынан кабыл алынган [9].

1991-жылдын 16-декабрындагы “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар тууралуу”мыйзам кабыл алынгандан кийин, Кыргызстандагы диний абал өзгөрүлө баштады. Диний уюмдар түзүлө баштап, алар каттоодон өтүүгө шашылышкан жок. Чет элдик миссионерлер өлкөдө көбөйдү. Өлкөдө бүгүнкү күндө расмий түрдө 2 миң 158 диний бирикмелер, уюмдар иш алып барышат[12]. Диний тематика ММКда негизги орунду ээледи. Түрдүү мурда Кыргызстанда жок конфессиялар өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүп, диний тематикадагы адабияттар бекер таркатылып, кээ бири сатыла баштаган. Диний китеп дүкөндөр ачылып,ондогон эл аралык уюмдар кайрымдуулук, соопчулук, гуманитардык миссияларды жашыруун жана ачык түрдө диндерди, диний окууларды жүргүзө баштаган. Кыргызстан “демократиянын кичине аралынан” диний конфессиялардын, диний экстремисттик уюмдардын чоң аралына айланды.

Кыргыз өкмөтүнүн дин боюнча либералдык саясаты диний конфессиялар, уюмдар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Өлкөдө чыныгы жарандык коомдун түзүлүшүнө, калыптанышына шарттар пайда болду. Диндер, конфессиялар, диний уюмдар мамлекет жаңы шарттарда эл аралык мыйзамдарга таянып, мыйзамдын чегинде иш жүргүзө баштады

Жогорку мыйзам боюнча жарандардын дин тутуу эркиндиктери кеңейтилген. Жарандар мусулман салты боюнча сүннөткө отургузуу жана мечиттерде нике кыюу, христиандардын салтындагы чиркөөдө нике кыюу, чокундуруу ырым жырымдарына уруксат берилген. Аскер бөлүктөрдүн командачылыгы бош убактыларында диний ырым жырымдарды өткөрүүгө жолтоо кылбаш керек. Ооруканаларда, карылар үйлөрүндө, майыптардын жайында, убактылуу камакта отургандарга диний ырым жырымдарды аткарууга ал жердеги жарандардын өтүнүчү менен жүргүзүлөт [9]. Бул мыйзам боюнча диний уюмдардын мүлккө ээ болуусу көрсөтүлүп, ал мүлктөрдү топтоо, алардын түрлөрү көрсөтүлгөн. Диний уюмдардын ээликтери катарында

имараттар, курулуштар, культ буюмдары, акчалай каражаттар, мурас катарында калтырылган буюмдар бар. Диний уюмдарга акчалай жана мүлк катарында садагадан салык салынбагандыгы баса көрсөтүлгөн [3].

1991-жылдын 16-декабрындагы мыйзамдын 1997-жылы 19-ноябрда кайрадан толукталып, жаңы редакция менен чыгарылышы [3], Кыргыз өкмөтү дин маселесин дайыма көңүлдүн борборунда карап тургандыгына күбө болот. Диний уюмдарга уюштуруу, юридикалык, социалдык, чарбалык жана башка тийиштүү жардамдарды көрсөтүү өздүк башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгы менен түзүлгөн мекемелерге жүктөлгөн.

Диний уюмдар, диний ишмерлер республикада саясий турмушта өзүнүн тийиштүү ордун ээлеп, ар түрдүү кеңешмелерге, конференцияларга катыша башташты. Бирок 1991-жылдын 16-декабрындагы мыйзам боюнча Кыргызстандын аймагында диний партияларды түзүүгө, алардын бөлүмдөрүн ачууга тыюу салынган [5].

Кыргыз Өкмөтү дин жана диний уюмдар менен болгон мамилени укуктук деңгээлде жүргүзө баштады. Мамлекет менен дин, диний уюмдардын ортосундагы мамилелердин мыйзам чегинде өнүккөндүгүндө 1997-жылдын 16-ноябрынан кийин кабыл алынган президенттин указдары, өкмөттүн токтомдору ж.б. документтер далил болот. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 14-ноябрындагы № УП-319 токтомунун негизинде кабыл алынган “Кыргыз Республикасында диний уюмдарды убактылуу каттоо жөнүндө, Убактылуу Жобонун” 7-10-пункттарында өлкөдө калктын диний коопсуздугу, улут аралык биримдикти сактоо, ден соолугу жана адептүүлүгү жөнүндө кам көрүлгөн [10]. Эгерде диний уюмдардын ишмердүүлүгү мамлекеттик коопсуздукка, улут жана диний биримдикке, коомдук тартипке, калктын ден соолугуна жана адептүүлүгүнө шек келтирсе, алар катталбай жана катталып калып, ушундай зыяндуу иштерге барса, алардын ишмердүүлүгү белгисиз мөөнөткө токтотулат, же жогоруда айтылган аракеттер үчүн каттоодон өткөн күбөлүгү чакырылып, ишмердүүлүгүнө тыюу салынат [12].

Кыргыз Республикасынын президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы № УП-319 Указына ылайык “Диний ишмердүүлүк жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасына келип жаткан чет өлкөлүк жарандарды ж.б. мамлекеттерден келген –миссияларды каттоо тууралуу Убактылуу Жобонун 3-пунктунда башка мамлекеттерден келген миссиялар Кыргыз Республикасынын алдында анын Конституциясын, мыйзамдарын, салтка айланган диний ырым жырымдарын жана адеп-ахлактарын сыйлоого милдеттендирилген [10]. Бул указда да, эгерде башка мамлекеттердин миссияларынын ишмердүүлүгү мамлекеттик жана коомдук коопсуздукка, улут жана диний аралык биримдикке, калктын ден соолугуна жана адептүүлүгүнө коркунуч келтирсе, алардын ишмердүүлүгүнүн аймагы чектелет, же каттоого алынбашы мүмкүн деп такталып көрсөтүлгөн. Каттоо күбөлүгү бир жылдык мөөнөткө берилген. Башка мамлекеттерден келген диний миссиялардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жогоруда көрсөтүлгөн кырдаал түзүлсө, ал учурда каттоо тууралуу күбөлүгү мөөнөтүнөн мурда алынып ташталган” [10]. Чет өлкөлүк жарандардын диний ишмердүүлүгү коомдук тартипке, коопсуздукка, улут жана диний биримдикке, ден соолукка, адеп ахлакка коркунуч келтирсе, ал учурда анын ишмердүүлүк аймагы чектелип, же биротоло тыюу салынган [12].

Кыргыз Республикасынын президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы №УП-319 указына ылайык Кыргызстандагы диний окутуу тууралуу убактылуу жобонун негизинде диний окутуу уюмдарынын-институт, медресе, чиркөө алдындагы жана жекшембилик мектептердин ишмердүүлүгү тартипке келтирилип, каттоодон өтүүгө милдеттендирилген. Каттоодон өтүш үчүн тийиштүү документтерди чогултулуп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга тапшырылган (3-пункт). Диний окутуу уюмдарынын окутуу шарттары, окуу программалары жана окутуу деңгээли, багыты мамлекеттик жана коомдук коопсуздукка коркунуч келтирсе, улут аралык жана диндердин ортосундагы биримдикке, калктын ден соолугуна жана адеп ахлагына коркунуч келтирсе, каттоого уруксат берилбеген. Ушундай эле коркунучтарды туудурган чет өлкөлөрдөгү диний окуу жайларына барууга, окууга Кыргызстандын жарандарына да уруксат берилбеген [12].

Жогорудагы КР президентинин указдарын УП-319-топтомундагы 3 убактылуу Жоболору Кыргызстандагы калыптанып калган көп улуттук жана көп диндүү тең салмактуулукту, ынтымакты, биримдикти, сабырдуулукту сактап калууга шарт түзүү үчүн эң туура, алгачкы кадамдардын бири болгон. Кыргыз Республикасынын президенти бекиткен 3 убактылуу Жоболор жана “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү” 1996-жылдын 14-ноябрындагы мыйзамы [3] өлкөнүн жарандарынын диний көз караштарын жана аракеттерин, диний уюмдардын

ишмердүүлүгүн камтып, алардын динден күткөн үмүттөрүн иш жүзүнө ашырууга мүмкүнчүлүк берген. Бул мыйзамда жана убактылуу Жоболордо диндин тарбиялык мааниси эске алынып, адам укуктарынын бири болгон дин тутуу эркиндигин иш жүзүнө ашырууга мыйзамдык негиздерди түзгөн.

Мамлекетибиз жарандык коомду түзүүгө багыт алгандан кийин көпчүлүк калктын ой пикири, ишенимдери өкмөттүн саясатынын өзөгүн түзгөн. Ошол эле учурда азчылыкты түзгөн элдердин, дин жана диний уюмдарга тиешеси жок калктын калган бир бөлүгүн да эске алган. Бирок ушул мезгилге чейин дин жана диний уюмдар менен болгон мамиленин татаал экендигинен чечилбеген көптөгөн маселелер бар. 1991-жылдын 16-ноябрындагы “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” мыйзам төмөндөгү көйгөйлүү маселелерди жаратты: диний экстремизм, ваххабизм, ислам фундаментализми, “Хизб ут-тахрир”, халифат, бөлөк диндерге, тоталитардык секталарга өтүү ж.б.

1991-жылдан кийин адамдардын исламга кайрылуусу күч алган. Ислам мамлекеттик дин болуп жарыяланган мамлекеттерден көптөгөн дааватчылар, миссионерлер келишип, өз ишмердүүлүгүн жүргүзө баштаган. Айрым учурда кыргыз элине туура келбеген үрп-адаттарды таркатышкан. Республиканын аймагында курулган көптөгөн медресе жана мечиттерде иш жүргүзүүнүн жана окутуунун бирдиктүү программалары жок. Бул албетте эртеби, кечпи баш аламандыкка алып келиши мүмкүн. Ошондуктан алардын ишмердүүлүгүн иретке келтирүү бүгүнкү күндүн кечиктирилгис маселеси болуп, иш-аракеттер башталды.

Кыргызстан Мусулмандарынын Диний Башкармалыгынын курамында Фатва, мечиттер жана окуу жайлары боюнча тышкы байланыштар, даават, курулуш, уюштуруу бөлүмдөрү биринчи Наиб Муфтий жана үч наиб (орунбасар) муфтийлер, Борбордук текшерүү Комиссиясы бар [12]. Андан кийинки днңгээлде 9 казыят шаар райондордо башкы имам-хатиб (мечитте жума күнү же майрам күндөрүндө куранды окучу дин өкүлү) айылдык, шаардык мечиттердин имам хатиби, мечиттердин имамдары турат [12]. Эгемендүү Кыргызстандын коомдук-саясий жашоосундагы исламдын таасиринин күчөшүндөгү себептерди тарыхчы Н.У.Курбанова абдан жакшы ачып, бир нече факторлорго бөлгөн:

- Социалдык –экономиканын кыйрашы, калктын жашоо деңгээлинин чукул төмөндөшү;
- Укуктук – “Динге ишенүү жана сөз эркиндиги жөнүндөгү” мыйзамдын чийкилиги (1991г.);
- Нравалык жана психологиялык – коомдун “социалдык терапиясы” катары динге болгон муктаждык;
- “Диндин мода болушу” – динге ишенген адам динге ишенбеген адамдан жакшыраак деген креотиптин болушу” [14].

Кыргызстандын түштүгүндө исламдын таасири күчтүү болсо, өлкөнүн түндүгүндө мамлекеттин либералдык диний саясатынын негизинде, айрыкча христианчылыктан келип чыккан салттуу эмес диний уюмдар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. XX к. 90-жж. Кыргызстанга ушул багытта көп сандаган диний миссионерлер келе баштаган. Кыргыздар жашоодо алгач ирет жаңы көрүнүш прозелитизм менен бет келди. Башында бул процесс кыргыз коому тарабынан ар кандай мааниде кабылданган. Биринчиден, 90-жж. аягына чейин миссионерчилик коомдо туура кабыл алынган, анткени атеизмге сугарылган кыргыз калкы динге ишенүү эркиндигин демократиянын кошумча маселеси катары кабыл алган. Андан сырткары ошол оор мезгилде миссионерлер муктаж болгондорго материалдык жардам көрсөтүп турган. Ошондуктан, мамлекеттин камкордугунан ажырап калган кээ бир адамдар прозелитизмди ар бир кыргызстандыктын динге ишнүүсүн алмаштырууда табигый укук катары кабыл алды. ММК да бул көрүнүштү колдогон макалалар чыкты [19].

Экинчиден, коомчулукта көпчүлүк прозелитизмди өз динин саткандык деп эсептеген. Республикалык ММК да “диний экспанцияны” али бекемделе элек жаш мамлекеттин келечегине тескери таасири жөнүндө жазган макалалар көбөйгөн[17].

Кыргызстандын өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча комиссиянын белгилегенине карасак: “Көптөгөн миссионерлер Түштүк Корея, Англия, Германия, Польшадан келишкен. Алар бизде корей, англис тил мугалимдери, врач, компьютердик залдын ээлери катары иштешип, бирок максаты башка болгон. Айрыкча, корейлер жергиликтүү элди өздөрүнө тартып, алар менен тил табышуу үчүн ар кандай ыкмаларды колдонушуп, ал тургай аттарын да кыргызчага өзгөртүп алышкан [13].

Мурда көптөгөн “Иегова күбөлөрү” уюмунун мүчөлөрү көчөлөрдө, базарларда, алтургай үй-үйлөргө барып үгүт иштерин жүргүзсө, акыркы жылдарда ага тыюу салынып, иш бир аз иреттелип келүүдө.

Диний маанайда келип чыккан конфликтерди карасак: алардын алгачкысы 1997-жылы Чүй облусунун Искра айылында, 2008-ж. Нарын районунун Куланак айылында кыргыз-мусулмандары менен кыргыз-баптисттеринин, 2000-ж. 29-декабрда Сузакта кыргыз-протестант-евангелисттеринин ортосунда, 2002-ж. мартта Воронцовка айылында конфликттер болгон [18] . Бул боюнча Өкмөттүн алдындагы Дин иштери боюнча комиссиянын ошондогу төрагасы О.Мамаюсупов Швецариялык көз карандысыз уюмдун координатору Рето Вейерман менен жолугушуусунда: "Прозелитизм акырындап кыргыз өкмөтүнүн баш оорусуна айланууда. Кыргыз Республикасынын ичиндеги ислам жана христиан эмиссарларынын активдешүүсү диндер аралык, улут аралык конфликттердин чыңалуусунун чегине жетүүдө"-дейт [13].

Чет элдик христиандык миссионерлер Кыргызтандын түндүк райондорунда, айрыкча Бишкекте өзгөчө активдүү болуп, кыргыз тилиндеги диний адабияттарды таратып, кыргыздарды "христиандаштыруу жана чокундуруу" иштерин жүргүзүүдө. Натыйжада протестанттык чиркөөнүн ар кайсы багытына кыргыздар топ-тобу менен өтүп кетишүүдө [13].

Изилдөө көрсөткөндөй, 2007-ж. карата жергиликтүү элдин христиан уюмдарына кириши токтолуп, алардын жабылуусу байкалууда. Өлкөдө протестанттык багыттагы 32 жамаат катталган. КР өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамкомиссиянын директорунун орун басары Канатбек Мурзалиловдун расмий маалыматы боюнча 2007-ж. христианчылыктын тигил же бул багытына жергиликтүү калктан – кыргыз, өзбек, дунгандардан 10-15 миң киши өтүп кеткен [12].

Бүгүнкү күндө улам барган сайын өз динин алмаштырган кыргыздар салттуу эмес секталардын башында турушу көбөйүүдө. Мисалы: кыргыз бахаисттеринин башчыларынын бири Б.Касымалиев, Кочкор районундагы "Махараджей" – А.Сулайманов, Иисус Христос чиркөөсүнүн пастору

И.Карабаев, караколдук евангелисттердин башында Н.Серкебаев, Ош шаарында – Р.Жайчибековтор турат [16].

Республикадагы прозелитизм проблемасы боюнча жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоодо 938 респонденттин, башка динге өтүп кетүүнүн себеби эмнеде деген суроого 50,5% (474к.) – салттуу эмес конфессиялардын материалдык жардам көрсөтүүсү, 18,8% (177 к.) - башка диний конфессиалардын өкүлдөрүнүн активдүү ишинен улам, 24,9% (234 к.) - өз динин билбегендиги, 5,6% (53к.) - ар кандай себептерди аташкан. Ошол эле учурда 2,5% (22к.) - ар кандай себептерге карабастан адам бир динден башка динге өтүүгө укугу бар, 19,7% (185к.) - гана прозелитизмди колдошот эгерде өз ишеними менен болсо, 45,8% (430к.) - колдошпойт, 32% (301к.) - тыюу салуу керек деп, жооп беришкен, башкача айтканда респонденттердин көпчүлүгү 77,8% башка динге өткөндөрдү жактырышпайт [15].

Бул жаатта атайын укуктук-нормативдик мыйзамдар бар, ал боюнча өлкөнүн ар бир жараны дин тутуу жана башка динге өтүү эркиндигине ээ. Бирок өзүнүн ички ишеними менен өтсө ал жакшы, ал эми диний уюмдардын ишмердиги менен өтүп жатса ал башка кеп, ошонун натыйжасында үй бүлөлүк, туугандык, жамааттык жана этникалык чыр чатактар чыгууда. Проблеманы коомдук, мамлекеттик кызыкчылыктардын негизинде чечүү зарыл жана ал багытта мамлекет бир катар алгылыктуу иш-чараларды жасап жатат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 1995-жылдын 10-августундагы жыйынында "Кыргыз Республикасындагы диний абал жана жергиликтүү бийлик органдарынын диний чөйрөдө мамлекеттик саясаттын калыптандырылышы боюнча милдеттери" маселесин караган. Жыйындын жыйынтыгы катарында №345 Токтом кабыл алынган [8]. Бул токтомдо дин мамлекеттен ажыратылганына карабастан диний абал мамлекеттин көзөмөлүндө болуш керек деген бүтүм чыгарылган. Мамлекеттик тийиштүү уюмдар өздөрүнүн ишинин багытына жараша диний уюмдардын, секталык топтордун, миссионерлердин иштерин тартипке салуу менен бирге алардын ишмердүүлүгүн анализдеп, Конституцияга каршы аракеттерин түп тамырынан бери жоюу милдеттери жүктөлгөн.

Диний уюмдар жана конфессиялар менен байланышты мыйзам чегинде, жарандык коомдун талаптарына ылайык жүргүзүп туруу үчүн, алардын ишине көзөмөл жүргүзүп, көп улуттуу, көп диндүү өлкөдө диний коопсуздукту жарандарга камсыз кылыш үчүн 1996-жылдын 6-мартында Кыргыз Республикасынын президентинин Указы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссия түзүлгөн. 1996-жылдын 13-майында Өкмөттүн №219 токтомунун

негизинде дин иштери боюнча комиссия жөнүндө жобо бекитилди [12]. Жаңы доорго жараша көп диндүү, көп улуттуу мамлекеттин аймагында диндер аралык, конфессиялар аралык өз ара сүйлөшүүлөрдү, диний толиранттуулукту иш жүзүнө ашырууда дин иштери боюнча Комиссиянын маанисин баалоо зарыл. Кыргызстанда улуттардын жана жарандардын динге болгон мамилеси конституциялык деңгээлде коргоого алынып, улуттар ортосундагы кагылышууларды мыйзамга каршы деп эсептеп, динине карабастан мыйзам бардык жарандардын укуктары бирдей деп жарыяланган. 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституцияда, андан кийинки референдумдар аркылуу кабыл алынган өзгөртүүлөрдө, 2003-жылдын 2-февралындагы референдумдун жыйынтыктарына таянып, эл аралык таанымал документтердин негизинде адамдардын диний укуктары коргоого алынган.

Дин уюмдары менен болгон алака жаңы деңгээлде көтөрүлгөн. 1997-жылдын 17-январында Кыргыз Өкмөтүнүн токтомунун негизинде 1995-жылдын 10-августундагы №345 токтомдун иш жүзүнө ашырылышы каралган. 1998-жылдын 19-февралында Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №83 токтомунун негизинде Мекеге ажылыкка барууну колдоонун мамлекеттик чаралары көрүлүп, атайын комиссия түзүлгөн [12]. Комиссиянын курамына Кыргызстандын мусулмандарынын дин башкармалыгынан, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиядан, тийиштүү министрлик жана мекемелердин өкүлдөрү кирген. Ага карабастан ажылыкка барууда дагы эле көптөгөн мүчүлүштөр бар.

Дин жана диний уюмдар багытындагы мамлекеттик саясатты иш жүзүнө ашыруу максатында 1998-жылдын 7-июлунда “Дин чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иш жүзүнө ашыруу жана иштеп чыгуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн концепциясы жөнүндө № 442 токтом кабыл алынган [12].

Өкмөттүн №442 токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссия маселени кабыл алып, анын негизинде эки жобо иштелип чыккан [12].

Дин иштери боюнча Мекемелер аралык Кеңеш диний чөйрөдө мамлекеттик саясатты иш жүзүнө ашыруу максатында сунуштарды иштеп чыгып, коомдо туруктуулукту сактоого, диний сабырдуулукка жетишүүгө аракет кылат. Тийиштүү уюмдардын – мамлекеттик мекемелер менен диний коомдордун иш-аракеттерин бириктирүү менен бирге, дин иштери боюнча мекемелер аралык Кеңеш диний экстремизм, чет өлкөлөрдө окутуу маселеси, каттоо иштеринин тактоо сыяктуу суроолорду дайыма күн тартибинен түшүрбөйт.

Мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелер Кыргыз Республикасынын граждандык кодексинин биринчи бөлүгүндө 161-беренесинде төмөнкүдөй белгиленген: “Коомдук бирикмелер жана диний уюмдар коммерциялык эмес уюмдар болуп саналат” [6].

Мамлекет диний уюмдарды коммерциялык эмес уюмдардын катарында карагандан кийин аларга “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын 1989-жылынын 15-октябрында №111 мыйзамынын тиешеси да бар [7].

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2001-жылын 3-мартындагы №86 жана 2001-жылынын 5-апрелиндеги №155 токтомдору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик комиссиясынын иштерин жакшыртууга диний уюмдар менен мамлекеттик органдардын, жергиликтүү башкаруу мекемелери менен байланышып, таасирин күчөтүүгө багытталган [12].

2005-жылга чейин Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы Дин боюнча мамлекеттик комиссиясынын иштери Кыргызстандын бардык аймагында диндерди саясатташтырууга жол бербей, ошол эле учурда динге ишенүүчүлөрдүн коомдогу ролун көтөрүү, аларга мамлекеттик эмес уюмдарды диний тарбиялоого мүмкүнчүлүк берүү, динге болгон муктаждыктарды иш жүзүнө ашыруу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталып келген.

Дин иштерин жакшыртуу багытында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 12-апрелиндеги №167 токтомунун негизинде Кыргыз өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюча мамлекеттик комиссиясы Ош шаарына көчүрүлүүгө чечим кабыл алынган [12]. Бирок бул бүгүнкү күнгө чейин иш жүзүнө ашпай келет. Мамлекеттик дин чөйрөсүндөгү саясаты жаңы деңгээлге көтөрүлүп, мамлекеттик мекемелердин ишин жандандырылган.

Бүгүн күн санап чоң өзгөрүүлөр болуп жаткан учурда, мезгилдин талабына ылайык диний ишмердүүлүктү илимий-билим нугуна салуу зарыл экенин түшүнгөн Дин иштери боюнча малекеттик комиссия алгылыктуу иштерди жасап жатат. Дин иштерине ички-сырткы күчтөр кызыкдар болгондуктан, дин жөнүндөгү мыйзам эгемендүү Кыргызстандын тарыхында эң алгачкылардан болуп кабыл алынган. Ички мазмуну, табияты Батыштын либералдуу мыйзамдык

көз карашын чагылдырат. Мыйзам кыргыз элинин көз карашы, менталитети, коомдук-саясий абалы менен эч кандай эсептешпей эле кабыл алынгандыгы байкалат. Чындыгында батыш жыттанган мыйзамды өзгөртүү кыргыз элинин талабы болду. Ошондуктан, мезгилдин талабына ылайык жаңы мыйзамды [4] Дин иштери боюнча комиссия иштеп чыгып, КР ЖК аркылуу 2008-жылдын 6-ноябрында кабыл алууга жетишкен. Албетте, идеалдуу мыйзам болбойт, бирок учурдун көйгөйлүү маселелери жөнгө салына турган мыйзам болгон. Маселен, мыйзамдын негизинде дин ишмердүүлүгүнө ачык укуктук талаа түзүлүп, диний уюмду каттоо үчүн 200 адамдын колу керек, мурда чет элден келген диний миссионерлер Кыргызстанга келип, үй-бүлө күтүп толук кандуу Конституциялык укуктардан пайдаланып жүрө берсе, азыркы мезгилде үч жылдан ашык биздин өлкөдө жүрө алышпайт деген нормалар кирген. Диний китептерди, маалыматтарды мурда баш-аламан каалаган жеринде таратып жүрүшкөн болсо, азыр диний мекемелелерде гана тарата алышат [12]. Бул мыйзамделе либералдык маанайда болгондуктан, өлкөдөгү диний абал жакшырып кеткен жок, бирок иш алдыга карай жылганы байкалат.

Бүгүнкү күндөгү дүйнөдөгү диний экстремизмдин, терроризмдин күчөшү жана Кыргызстандагыдиний кырдаал, маселени мамлекеттик деңгээлде чечүүгө мезгил келгенин көрсөттү. Ошондуктан, 2014-ж. 14-ноябрда “2014-2020-жылдардагы Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты жөнүндөгү концепциясы” деген Кыргыз Республикасынын ПрезидентининУказы кабыл алынды [11]. Концепцияда Кыргыз мамлекети өзүнүн, алдыдагы беш жылдыкта диний сферадагы мамлекеттик саясатын аныктады.Күн санап, өлкөдөгү өсүп бараткан диний баш аламандыктарды чечүү күн тартибиндеги актуалдуу масалелерден болду. Учурдагы ислам багытындагы диний кыймылдардын ишмердигин жөнгө салуу, диний окуу жайлардагы окуу программаларын иретке келтирүү биринчи кезектеги мамлекеттик маселелерден болду. Кыргыз элинин менталитетине ылайык келген канафия мазхабына басым жасоо керектигин убакыт көрсөттү. Ошондой эле мамлекеттин бүтүндүүлүгүнө коркунуч келтирген прозелитизм маселеси да күн тартибиндеги курч маселелерден. Эмки кезек мыйзамдардыни иштешинде жана концепцины ишке ашырууда калды. Кыргыз Республикасынын дин багытындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууда ар бир жаран өз салымын кошууга милдеттүү.

Сунуштар:

Орто мектептерде дүйнөлүк диндердин тарыхынын негиздерин окутуу сабагын киргизүү (17 с);

Кыргызстанда бардык мыйзам тарабынан уруксат берилген конфессиялардын тарыхынын кыскача маалымат-китепчесин чыгаруу;

Жылына эки жолу мектептерде адистер өлкөдөгү диний-экстремисттик топтордун зыяндуу иштери тууралуу, милдеттүү түрдө окуучулар жана мугалимдер тобуна лекция окуусу зарыл;

Диний экстремисстик уюмдар менен күрөшүүдө башка мамлекеттердин тажрыйбасын, биздин Кыргызстандын шартында колдонууну колго алуу;

Кыргызстанда диний мекемелерди ачууга катуу, мамлекеттик органдар тарабынан көзөмөл жасоо;

Диндин адамдын адеп-ахлак, кулк-мүнөзү, жүрүш-турушуна тийгизген пайдалуу жана зыяндуу жактары жөнүндөгү аңгемелерге радио жана телеберүүлөрдө мезгил-мезгили менен орун берүү;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын ишине өзгөртүүлөрдү киргизүү менен анын функциясын кеңейтүү;

Диний экстремизмдин келип чыгышынын себептерин аныктап, аны колдоочу факторлорду болтурбоо тууралуу Мамлекеттик Программаны иштеп чыгуу.

**Адабияттар**


1. Конституция Кыргызской Республики. Изложена в Законе КР «О новой редакции Конституции КР от 23 окт. 2007 г. Б., 2007.
2. Закон Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных организациях»: 16 декабря 1991 г. №657-XII // Слово Кыргызстана.-1992.-1.февр
3. Закон Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных организациях»: (в редакции Закона Кыргызской Республики от 19 ноября 1997 г. // Нормативные акты Кыргызской Республики.-2000.-№21.-С.21-26.

4. Закон Кыргызской Республики О свабоде вероисповедания и религиозных организациях в Кыргызской Республике // Нормативные акты Кыргызской Республики .-2009, 6.-С. 3-14.
5. Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон КР «О свободе вероисповедания и религиозных организациях» // Нормативные акты Правительства Кыргызской Республики.-2004.-№1-2.-С.31.
6. Кыргыз Республикасынын жарандык кодекси, биринчи бөлүк.- Бишкек:. "Раритет Инфо", 2003.- 78-бет.
7. Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Комерциялык эмес уюмдар жөнүндө.- Б., 1999.
8. Постановление Правительства Кыргызской Республики от 10 августа 1995 г.№345 «О религиозной обстановке в Кыргызской Республике и задачах органоввласти по формированию государственной политики в религиозной сфере.//Постановления Правительства Кыргызской Республики.-1995.-№8.-С.551-556.
9. Право человека (сборник документов).- Б., 2002.
10. Указ Президента Кыргызской Республики от 14 ноября 1996 г. «О мерах по реализации прав граждан Кыргызской Республики на свободу совести и вероисповедания».// Слово Кыргызстана.-1996.-19 нояб.-С2.
11. Указ Президента Кыргызской Республики от 14 ноября 2014г. "О концепции государственной политики Кыргызской Республики в религиозной сфере на 2014-2020годы" www.prezident.kg/.../4901
12. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын учурдагы архиви
13. Интервью с Р. Эратовым, руководителем отдела «Даават» Духовного управления мусульман Кыргызстана, 15 июня 2009 года.
14. Курбанова Н.У. Ислам в современном Кыргызстане.-Б., 2008.-С.67.
15. Курбанова Н.У. Религия в общественно-политической жизни Кыргызстана на рубеже XX-XXI вв.: Дис. докт.ист.наук.- Бишкек, 2010.- С.212.